## *КР жалпы билим берүү мектебинин 2020-2021-окуу жылына карата базистик окуу планына Түшүндүрмө кат.*

2020-21-окуу жылдын Базистик окуу планы Мамлекеттик билим берүү стандарты тарабынан тастыкталган билим берүүнүн бардык баскычтарынын окуучулары үчүн алардын физиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле окуу материалын өздөштүрүү үчүн талап кылынган ишмердүүлүктүн түрлөрүн жана талаптарын эске алуу менен окуу жүктөмүнүн аныктайт.
1-баскычтагы Базистик окуу планы(1-4кл) төрт жылдык ченемдик мөөнөтүнө негизделген.
2-баскычтагы Базистик окуу планы(5-9кл) беш жылдык ченемдик мөөнөтүнө эсептелген.
3-баскычтагы Базистк окуу планы (10-11-кл) эки жылдык ченемдик мөөнөтүнө эсеплелген.
Предметтер «Кыргыз тили» окуу предметтери эне тили катары 1-класстан 11-класска чейин окутулат.
«Тарых» предмети 5-11-класстарда окуу программасына ылайык Дүйнөлүк тарых жана Кыргызстан тарыхы курстары кезектешип бирдиктүү предмет катары окутулат.5-6-класстарда Тарых предмети боюнча сабактар предметтик стандартка,7-11-класстарда колдонулуп жаткан окуу программасына ылайык жумасына 2 саат окутулат.
7-9-класстарда «Физика» предметин окутууга жумасына2 саат,10-класста 3 саат бөлүнгөн.11-класста «Физика жана Астрономия» жумасына 3 сааттан интеграцияланган курс катары окутулат.
«Математика»1-класста жумасына төрт сат,2-3-класстарда 5 саат,4-класста 6 саат.ал эми калган класстарда 4 сааттан окутулат.
7-11-класстарда математика предмети боюнча алгебра жана геометрия сабактарынын темалары интеграцияланган предмет катары журналдын бир бетине жазылат.
«Кыргыз адабияты», «Орус адабияты» 5-11-класстарда мурдатан бекитилген предметтик стандарттар, окуу программалары жана окуу-методикалык комплекстери боюнча окутулат.
7-9-класстарда «Технология» предметин окутуу мурунку жылдардагы окуу программасы боюнча ишке ашырылат.
«Информатика» предмети предметтик стандартка,окуу программасына жана окуу методикалык комплексине ылайык окутуу 5-6-7-9-класстарда жумасына бир сааттан 8-класста 2 сааттан окутулат.
«Көркөм өнөр» жана «Музыка» предмети 1-7-класстарда тиешелүү предметтик стандарттарга окуу программаларына жана окуу-методикалык комплекстерге ылайык окутулат.